# №97 ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИ


# 2022-2023-ОКУУ ЖЫЛЫ

# “МЕКТЕП ЖАНА МУГАЛИМ – ОКУУЧУНУН КӨЗҮ МЕНЕН" АТАЛЫШЫНДАГЫ АНКЕТАЛЫК СУРАМЖЫЛООНУН АНАЛИЗИ

# (5-6-7-8-КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫ ҮЧҮН)


Бишкек шаарынын Ленин районунун №97 жалпы орто билим берүү мектебинде 2022-2023-окуу жылынын I жарым жылдыгында 5-6-7-8-класстын окуучуларынан “Мектеп жана мугалим – окуучулардын көзү менен” аталышындагы анкеталык сурамжылоо жүргүзүлдү. Сурамжылоонун максаты билим берүү процесси, предметтер, мугалимдер жана окуучулардын окууга болгон мамилелерин аныктоо максатында анонимдүү түрдө Google Forms тиркемеси аркылуу жүргүзүлдү.

Сурамжылоодо жалпы 30 суроо камтылып, анын 2 суроосу паспорттук суроо, 3 суроо окуучулардын жеке көз караштарына багыт берген суроо болсо, калган 25 суроо негизги суроо.






Сурамжылоого катышкан 144 респонденттин 96сы (66,7%ы) кыздар, 48и (33,3%ы) эркек балдар болду.

Анын ичинен 18,1%ы 5-класс, 26,4%ы 6-класс, 23,6%ы 7-класс, 31,9%ы 8-класстын окуучулары түздү.




Ал эми, окуучуларга *“Мектепке келүү сиз үчүн кубаныч тартуулайбы?”* деген суроо узатканыбызда 84,7%ы “Ооба” деп жооп беришсе, 13,2%ы “Айта албасын” билдиришкен. Калган 2,1% окуучулар мектепке келүү кубаныч тартуулабашын билдирген.






“Эң жакшы көргөн предметиңиз кайсы?” деп окуучуларга собол салганыбызда алдыңкы үч илтикке 17,4% менен математика предмети, 13,2%ы англис тили, 11,1% менен информатика предметин белгилешкен.



*“Эмне үчүн жогорудагы белгиленген предметти жакшы көрөсүз?”* деген суроо узатканыбызда 47,2%ы *“Ал предметти мугалим жакшы түшүндүрүп берет”* деп жооп узатышса, окуучулардын 38,9%ы “*Келечекте кесип тандоого ошол предметтин салымы чоң деп ойлогонум үчүн ал предметти жакшы көрөм”* деген жоопту берген. Респонденттердин 11,1%ы *“Мугалимдин кылган жакшы мамилеси үчүн ал предметти жакшы көрүп окуурун”* баса белгилешкен.





Ал эми, сурамжылоонун кийинки суроосунда *“Мугалимдер сабак учурунда окуучуларга маалыматтарды жеткиликтүү деңгээлде түшүндүрүп беришеби?”* деген суроого окуучулардын 65,3%ы “Ооба” деп жооп беришсе, 30,6%ы “Айта албайм” деген жоопту узатышкан. Калган окуучулар “Жок” деп жооп беришкен.





Ал эми, окуучулардын ар кандай кыйын кырдаалга кептелип, көйгөйлөргө тутукканда мугалимдер тарабынан даанышман катары жардам көрсөтүлөбү деп суроо узатканыбызда, респонденттердин 66%ы “Ооба” деп жооп беришсе, 12,5%ы “Жок” деген


жооп узаткан. Калган 21,5%ы бул суроого “Айта албайм” деген бүдөмүк жоопту узатышкан.





*“Мектептен керектүү учурда мугалимдер менен оңой эле сүйлөшө аласызбы”* деген суроо салганыбызда окуучулардын 62,5%ы “Ооба” деген позитивдүү жоопторун узатышса, окуучулардын 37,5%ы “Жок” деген жоопту белгилешкен.




Ал эми, мугалим менен окуучунун мамилесин аныктоо максатында сурамжылоо жүргүзгөнүбүздө, окуучулардын басымдуу бөлүгү, тактап айтканда 70,1%ы “Мугалимдер менен оңой эле тил табыша аларын” белгилеп көрсөтүшсө, калган 29,9%ы тил табышууда кыйналышарын ырасташкан.





Кийинки баскычтагы сурамжылоого сабак учурундагы окуучунун иш-аракетин аныктоого басым жасалган. Сабак учурунда окуучулардын 64,6%ы мугалимдер менен ой бөлүшөрүн ырастап белгилешсе, 34,5%ы сабак учурунда мугалим менен пикирин бөлүшпөрүн ырасташкан.





Кийинки багыттагы суроолорубуз окуучунун өзүн-өзү өнүктүрүүсүнө багытталган суроолордун топтомун түзөт. Сурамжылоого катышкан окуучулардын 25,7%ы ар дайым өздөрүн өнүктүрүүнүн үстүндө иш алып барарын ырасташса, 61,1%ы өздөрүн өнүктүрүүнүн үстүндө иш алып барууга белсенип жатканын көрсөтүшкөн. Ал эми, калган 13,2% окуучулар өздөрүн өнүктүрүүнүн үстүндө иштебесин тастыкташкан.





*“Кайсы предметти тереңдетип окууну же кайсы предметтен кошумча сабак өтүлүшүн каалайсыз?”* деген суроо узатканыбызда, 29,9% көрсөткүч менен англис тили, 24,3% математика жана 11,8% геометрия деп белгилешкен.





Мугалимдердин окуучуларды объективдүү баалашы, тарбиялык милдеттерди так аткарышы боюнча узаткан суроообузга 57,6% окуучулар позитивдүү багытта жооп беришсе, окуучулардын 33,3%ы бүдөмүк жоопту беришкен. Ал эми, 9%ы “Жок” деген жоопту узатышкан.




Ал эми, окуучулардын көпчүлүгү сабак учурунда жана сабактан тышкаркы убакта түшүнбөгөн нерселерин оңой эле сурай аларын белгилеп көрсөтүшкөн. Анын жыйынтыгы жогорудагы диаграммада берилди.





*“Мектепте алган билимим күнүмдүк жашоомдо жана/же кийинки билим берүү жашоомдо пайдалуу болот деп ойлойсузбу?”*деген собол салганыбызда 80,6% окуучулар “Ооба” деп жооп беришсе, 13,2% окуучулар ынанымдуу жооп бере албасын көрсөтүшкөн. Калган аз бөлүгү “Жок” деген жоопту узатышкан.




Ал эми, “Мектепте сабактар кызыктуу өтүлөбү?” деген сурамжылоого респонденттердин 75,7%ы “Ооба” деп жооп беришсе, 17,4%ы “Айта албайм” деген жоопту белгилешсе, окуучулардын 6,9%ы “Жок” деген жоопту узатышкан.


“Үй тапшырманы аткарууга канча убакыт бөлөсүз?” деген сурообузга төмөндөгүдөй % көрсөткүчтөгү жоопторду узатышкан.

| № | Убактысы | % көрсөткүчтөр |
|---|---|---|
| 1 | 10-15 мүнөт | 2,8% |
| 2 | 15-30 мүнөт | 12,5% |
| 3 | 30-45 мүнөт | 21,5% |
| 4 | 45-60 мүнөт | 13,9% |
| 5 | 60 мүнөттөн ашык | 49,3% |




Кийинки багыттагы суроობуз мектептин китепкана кызматын пайдалануусун аныктоо максатында багытталган. Окуучулардын 81,3%ы “Китепкана кызматын пайдаланбасын” билдиришсе, 18,8%ы китепкана кызматын пайдаланарын билдирген. Китепканада мүмкүнчүлүктөрдүн түзүлгөнүнө карабастан, окуучулардын пайдаланбагандыгынын себеби катары, кошумча окуу китептеринин аздыгына байланыштуу деген бүтүмгө келдик. Мектеп жаңы ачылгандыктан кошумча окуу китептери менен китепкананын китеп фондун байытып, окурмандарды тартуу максаты коюлду.





Ал эми, окуучуларга билим алуу үчүн китептердин жетиштүүлүгүн аныктаганыбызда 56,3%ы “Ооба” жетиштүү деп сураса, 43,8%ы “Жок” деген жоопту узатышкан.





Ал эми, окуучуларга мектептин лабораториясын (компьютер, илимий ж.б.) колдонууларын аныктоого багытталган сурамжылообузга 79,2% окуучулар “Ооба” деп жооп берсе, 20,8% окуучулар “Жок” пайдаланбайм деген жоопту узатышкан.





Ал эми, кийинки сурамжылоо окуучулардын мектептеги коопсуздугун аныктоо максатында түзүлгөн. *“Сиз окуган мектепте окуучулардын коопсуздугу сакталганбы? (мектеп күзөтчүсү, видео көзөмөл, өрт коопсуздугу ж.б.)”* деген собол салганыбызда, окуучулардын 81,9%ы мектептеги коопсуздугуна канааттанып, “Ооба” деп жооп беришкен. Ал эми, 14,6 %ы коопсуздугуна ишеними арсар экенин билдирген. Ал эми, сурамжылоонун жыйынтыгында коопсуздугунан чоочулаган окуучулар дээрлик жокко эсе экендигин көрүүгө болот.




Кийинки сурамжылоо окуучуларга мектептеги ыңгайлуулук, эстетикалык түзүлүштөрдүн жагып-жакпашын аныктоого багытталган. 91% окуучуларга мектептин шарты жагып, купулуна толору далилденсе, калган 9% окуучулар “Бул суроого жооп бере албайм” жана “Жакпайт” деген жоопторду узатышкан.




Ал эми, мектептин ички жана сырткы тазалыгы боюнча суроо салганыбызда, “Мектептин ичинин жана сыртынын тазалыгы купулунузга толобу?” деген сурообузга 91,7% окуучулар “Ооба” деген жоопту узатса, 8,3% окуучулар “Жок” деп жооп беришкен. Демек, жогорудагы сурамжылоолордон окуучулар үчүн билим алган чөйрөнүн ырааттуулугу, тазалыгы, эстетикалык кооздугу жагарын баамдоого болот.





Кийинки багыттагы сурообуз мектептеги кызмат көрсөтүүлөрдү аныктоо максатында жүргүзүлдү. Мектептин ашканасындагы кызматкерлер жылмайынкы жүз менен сылыке мамиле жасашат деп 73,6% окуучулар белгилесе, 21,5% окуучулар “Жок” жана “Бул суроого жооп бере албайм” деп жоопторду узатышкан. Демек, көпчүлүк окуучулар ашканадагы кызмат көрсөтүүлөргө канааттанарын сурамжылоо аркылуу ырастоого болот.

Ал эми, мектептин ашканасындагы азыктардын сапаты боюнча окуучуларга сурамжылоо жүргүзгөнүбүздө “Мектептин ашканасындагы азыктар даамдуу, витаминдүү жана ден соолукка пайдалуу деп эсептейсизби?” деген сурообузга жогорудагы диаграммадагы жоопторду узатышкан.

Мектептин ашканасындагы азыктар даамдуу, витаминдүү жана ден соолукка пайдалуу деп эсептейсизби?

Копировать

144 ответа





Окуучуларга коомдук иш-чараларга катышуусун аныктоо, аларга жагып-жакпарын аныктоо максатында суроо салганыбызда төмөндөгү диаграммалардагыдай жоопторду узатышкан.

Мектептеги уюштурулган коомдук иш-чараларга активдүү түрдө катышасызбы?

Копировать

144 ответа




Сиз окуган мектепте өткөрүлүүчү белгилүү күндөрдү жана жумалыктардын (декадалар, илимий, эскерүү иш-чаралар ж.б.) майрамдарын көрүү сизге жагабы?

Копировать

144 ответа

